*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук статистика комитети*

*Экспресс-маалымат*
2026-жылдын 15-октябры

## Кыргыз Республикасынын 2026-жылдын январь-сентябрындагы социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчтөрү

| | Иш жүзүндө (млн. сом) | 2026-ж. январь-сентябры 2025-ж.[1] январь-сентябрына карата % менен | Маалымдама: 2025-ж.[1] январь-сентябры 2024-ж. январь-сентябрына карата % менен |
|---|---|---|---|
| Ички дүң продукт (алдын-ала баалоо) | 1 640 885,5 | 110,8 | 109,9 |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албаганда | 1 564 917,1 | 112,3 | 111,6 |
| Өнөр жай продукцияларынын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) көлөмү - бардыгы | 685 387,8 | 107,0[2] | 110,0[2] |
| анын ичинде «Кумтөр» кен казуу ишканаларын эске албаганда | 447 850,8 | 115,4[2] | 122,0[2] |
| Пайдалуу кендерди казуу | 69 936,5 | 107,3[2] | 116,8[2] |
| Иштетүү өндүрүшү | 543 294,4 | 107,4[2] | 108,1[2] |
| анын ичинде тамак-аш азыктарын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки азыктарын өндүрүү | 92 753,1 | 109,4[2] | 137,3[2] |
| Электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) | 64 870,2 | 103,1[2] | 115,5[2] |
| Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу | 7 286,7 | 119,6[2] | 124,6[2] |
| Айыл чарбасынын, токой чарбасынын жана балык уулоочулуктун дүң продукциясы | 399 499,2 | 106,5 | 102,2 |
| Курулуштун дүң продукциясы | 380 047,6 | 162,2 | 124,6 |
| Дүң жана чекене сооданын, автоунааларды жана мотоцикл-дерди оңдоонун жалпы көлөмү | 1 639 477,2 | 104,2 | 116,6 |

| | Иш жүзүндө (млн. сом) | 2026-ж. январь-сентябры 2025-ж.[1] январь-сентябрына карата % менен | Маалымдама: 2025-ж.[1] январь-сентябры 2024-ж. январь-сентябрына карата % менен |
|---|---|---|---|
| анын ичинде автоунааларды жана мотоциклдерди сатууну кошпогондогу чекене соода | 615 159,7 | 115,4 | 111,2 |
| Мейманканалардын жана ресторандардын кызмат көрсөтүүлөрү | 51 413,5 | 108,6 | 119,8 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүктөрдү ташуу, миң тонна | 53 546,5 | 108,9 | 114,0 |
| Транспорттун бардык түрү менен жүргүнчүлөрдү ташуу, млн. адам | 494,7 | 106,5 | 106,6 |
| Почта жана чабарман ишмердигинин кызмат көрсөтүүлөрү | 2 552,8 | 113,8 | 139,0 |
| Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү | 32 082,8 | 107,1 | 106,2 |
| Каржылоонун бардык булактарынын эсебинен негизги капиталга инвестициялар (капиталдык салымдар) | 365 664,5 | 168,5 | 114,1 |
| Тышкы жана өз ара сооданын көлөмү[3], млн. АКШ доллары | 12 017,4 | 113,3[4] | 97,9[5] |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 4 331,2 | 105,5 | 118,5 |
| Экспорт[3], млн. АКШ доллары | 2 278,5 | 119,5[4] | 84,1[5] |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 774,4 | 90,9 | 81,1 |
| Импорт[3], млн. АКШ доллары | 9 738,9 | 111,9[4] | 101,6[5] |
| анын ичинде ЕАЭБге мүчө мамлекеттер | 3 556,8 | 109,3 | 134,8 |
| Керектөө бааларынын индекси | | 111,0 | 107,8 |
| - 2025-ж. декабрына карата | 108,1 | | |
| - 2025-ж. сентябрына карата | 112,2 | | |
| Катталган жумушсуздардын саны, миң адам | 35,0 | 82,0 | 75,5 |
| Кызматкерлердин номиналдык эсептелген орточо айлык эмгек акысы[6], сом | 55 079 | 128,7[4] | 120,1[5] |

[1] Айрым көрсөткүчтөр такталды.
[2] Физикалык көлөмдүн индекси.
[3] 2026-ж. январь-августу.
[4] 2026-ж. январь-августу, 2025-ж. январь-августуна карата пайыз менен.
[5] 2025-ж. январь-августу, 2024-ж. январь-августуна карата пайыз менен.
[6] 2026-ж. январь-августу (чакан ишканаларды эсепке албаганда).

## 2026-жылдын январь-сентябрындагы Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн кыскача жыйынтыктары

**Ички дүң продукттун** көлөмүнүн жогорулашы 2025-жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу кызмат көрсөтүү тармактары тарабынан камсыздалган, алардын ИДПнын жалпы көлөмүндөгү үлүшү 48,7 пайызды, товардык өндүрүш – 35,9 пайызды жана продукттарга болгон таза салыктар – 15,4 пайызды түздү.




**Өнөр жай.** Өнөр жай өндүрүшүнүн 2025-жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу өсүшү тамак-аш азыктарынын (суусундуктарды кошкондо) жана тамеки продукцияларынын (9,4 пайызга), фармацевтикалык продукциялардын (13,6 пайызга), курулуш материалдарынын (29,1 пайызга), транспорт каражаттарынын (39,4 пайызга), жыгачтан жана кагаздан жасалган буюмдардын, полиграфиялык ишмердүүлүк продукцияларынын (41,3 пайызга), тазаланган мунай продукцияларынын (1,9 эсеге), химиялык продукциялардын (2,3 эсеге), ошондой эле пайдалуу кендерди казуу көлөмүнүн (7,3 пайызга) көбөйүшү менен камсыздалды.




Муну менен бирге негизги металлдарды өндүрүүнүн көлөмү (1,7 пайызга) азайышы белгиленди.

Электр энергиясы, газ жана буу менен камсыздоо көлөмүнүн өсүшү электр энергиясын, ошондой эле газ камсыздоо системалары аркылуу газ сымал отунду бөлүштүрүүнүн көбөйүшү менен шартталды (6,4 пайызга).

Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдаланылуучу чийки заттарды алуу көлөмүнүн көбөйүшү негизинен сууну

чогултуу, иштетүү жана бөлүштүрүү көлөмүнүн өсүшү (10,2 пайызга) менен камсыздалды.

**Айыл чарба.** 2025-жылдын январь-сентябрь айына салыштырмалуу айыл чарба, токой чарба жана балык уулоочулуктун дүң продукцияларын өндүрүүнүн көлөмүнүн өсүшү өсүмдүк чарбачылык продукциясын өндүрүүнүн 8,9 пайызга, ошондой эле мал чарбачылыгынын 4,0 пайызга көбөйүшү менен камсыздалды.

**Айыл чарбасынын дүң продукциясы**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Курулуштун дүң продукциясы.** 2025-жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу курулуштун дүң продукциясынын өсүшү республиканын бардык аймактарында анын көбөйүшү менен камсыздалды.

**Курулуштун дүң продукциясы**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Соода.** Дүң жана чекене сооданын, автоунааларды жана мотоциклдерди оңдоонун жүгүртүүлөрүнүн 2025-жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу өсүшү чекене сооданын (15,4 пайызга) көлөмүнүн өсүшү менен камсыздалды.

**Курулуштагы инвестициялар.** 2025-жылдын январь-сентябрына салыштырмалуу негизги капиталга инвестициялардын көлөмүнүн өсүшү каржылоонун ички булактарынын 1,6 эсеге жана тышкы булактардын көлөмү 2,6 эсеге көбөйүшү менен камсыз кылынды.

2026-жылдын январь-сентябрында инвестициялардын негизги көлөмү (инвестициялардын жалпы көлөмүнүн 85 пайыз) пайдалуу кендерди казуу, иштетүү өндүрүшү, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, электр энергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу), билим берүү объекттеринин курулушуна, ошондой эле турак жай курулушуна багытталды.

**Негизги капиталга инвестициялар**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Тышкы жана өз ара соода.** Үстүбүздөгү жылдын январь-августунда 2025-жылдын январь-августуна салыштырмалуу тышкы жана өз ара сооданын көлөмүнүн өсүшү импорттук түшүүлөрдүн (11,9 пайызга) ошондой эле экспорттук жөнөтүүлөрдүн (19,5 пайызга) көбөйүшү менен камсыз болгон. Соода жүгүртүүнүн түзүмүндө экспорт 19,0 пайызды, импорт 81,0 пайызды түздү.

**Экспорттун көлөмү**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Импорттун көлөмү**

*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




*Кыргыз Республикасынын Евразия экономикалык биригине мүчө өлкөлөрү (ЕАЭБ) менен өз ара соодасынын* көлөмү 2026-жылдын январь-августунда 4,3 млрд. АКШ долларын түзүп, 2025-жылдын январь-августуна салыштырмалуу 5,5 пайызга өстү. Экспорттук жөнөтүүлөр 9,1 пайызга азайды, ал эми импорттук түшүүлөр 9,3 пайызга көбөйдү. ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин ичинен республиканын өз ара соодасынын эң чоң үлүшү Россияга (64,5 пайыз) жана Казакстанга (32,7 пайыз) туура келди. Республиканын товар жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүндө ЕАЭБге мүчө мамлекеттер менен болгон өз ара соодага 36,0 пайыз, экспортко 34,0 пайыз, импортко 36,5 пайыз туура келди.







Үчүнчү өлкөлөр менен (ЕАЭБден тышкары) тышкы сооданын көлөмү 7,7 млрд. АКШ долларын түзүп, 2025-жылдын январь-августуна салыштырмалуу 18,2 пайызга жогорулады. Республиканын товар жүгүртүүсүнүн жалпы көлөмүндө үчүнчү өлкөлөр менен (ЕАЭБден тышкары) тышкы соода 64,0 пайызды, экспорт 66,0 пайызды, импорт 63,5 пайызды түздү.

**Баалар жана тарифтер.** Үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрында (өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу) бүткүл республика боюнча керектөө бааларынын жана тарифтеринин өсүшү 8,1 пайызды түздү. Муну менен, азык-түлүк товарларына жана алкоголсуз ичимдиктерге баалар – 7,0 пайызга, алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге – 8,0 пайызга, азык-түлүк эмес товарларга – 6,8 пайызга жана калкка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер - 11,8 пайызга жогорулады.

Бул мезгилде баалар жаңы союлган этке (18,9 пайызга), анын ичинен кой этине – (25,4 пайызга), жылкы этине (21,7 пайызга), уй этине (18,9 пайызга), тоок жумурткасына (16,9 пайызга), бышырылган азыктарына (9,7 пайызга), сүт азыктарына (8,7 пайызга), өсүмдүк майларына (7,3 пайызга), кумшекерге (5,8 пайызга), балыкка (5,2 пайызга), жаңы бышкан жемиштерге (4,5 пайызга), нанга (4,2 пайызга), ак каймак майга (4,0 пайызга) жана унга (1,7 пайызга) ири өлчөмдө жогорулаган.

Муну менен катар, жаңы бышкан жашылчалардын (22,6 пайызга), картошканын (21,8 пайызга), күрүчтүн (2,2 пайызга) жана куюлуп сатылуучу сүттүн (0,7 пайызга) бааларынын төмөндөшү катталган.

Үстүбүздөгү жылдын январь-сентябрында (өткөн жылдын декабрь айына салыштырмалуу) республиканын бардык аймактарында керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы белгиленген. Мында баанын максималдуу өсүшү (16,6 пайызга) Ош облусунда катталган, бул баалардын азык-түлүк товарларына жана алкоголсуз суусундуктарга (11,3 пайызга), алкоголдук ичимдиктерге жана тамекиге (29,1 пайызга), азык-түлүк эмес товарларга (12,3 пайызга) жана калкка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөргө тарифтер (28,3 пайызга) жогорулаган.

Үстүбүздөгү жылдын сентябрь айында өткөн айга салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин өсүшү жалпы республика боюнча 0,5 пайызга көбөйдү, бул азык-түлүк товарлар жана алкоголсуз ичимдиктердин жана азык-түлүк эмес товарлардын – 0,6 пайызга, алкоголдук ичимдиктер жана тамекиин бааларынын - 0,3 пайызга жана калкка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөргө тарифтеринин – 0,4 пайызга өсүшү менен шартталды.

Муну менен катар, өсүмдүк майларына (2,4 пайызга), жаңы бышкан жашылчаларга (2,1 пайызга), сүт азыктары, сыр жана жумурткага (2,1 пайызга) жана жаңы союлган этке (1,3 пайызга) баалардын жогорулашы катталды.

Үстүбүздөгү жылдын сентябрь айында баалар картошкага (5,7 пайызга), жаңы бышкан жемиштерге (3,4 пайызга), балыкка (1,8 пайызга), күрүчкө (0,8 пайызга), малдын тоң майына (0,6 пайызга) ири өлчөмдө төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын сентябрь айында өткөн айга салыштырмалуу керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы, 0,6 пайыз төмөндөө белгиленген Ош облусун кошпогондо, республиканын бардык аймактарында белгиленди.

**Керектөө бааларынын индекси**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




**Керектөө бааларынын индекси**
*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




**Эмгек акы.** 2026-жылдын январь-августунда номиналдык эсептелген орточо айлык эмгек акынын өсүү темпинин жогорулашы 2025-жылдын январь-августуна салыштырганда экономикалык ишмердиктин бардык түрдөгү ишканаларында жана уюмдарында байкалды.

**Номиналдык эсептелген орточо айлык эмгек акы**
*(миң сом)*




**Реалдуу эмгек акы**
*(мурунку жылдын тийиштүү мезгилине карата пайыз менен)*




Алардын эң олуттуу жогорулашы искусство, көңүл ачуу жана эс алуу (1,5 эсеге), саламаттыкты сактоо жана калкты социалдык жактан тейлөө (49,1 пайызга), билим берүү  (44,5 пайызга), ), курулушта (37,6 пайызга) кесиптик, илимий жана техникалык ишмердик (35,7 пайызга), айыл чарбасы, токой чарбасы жана балык уулоочулук (30,8 пайыз), суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу (30,6 пайыз), финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу (24,5 пайыз), транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо (23,5 пайыз), ошондой эле административдик жана көмөкчү ишмердик (22,0 пайызга) чөйрөлөрүндө болду.